**Х.Жээнбаев атындагы мектеп – лицейи**

# Тарбиялык саат

(Ата – энелер университети)

## «Ата – эненин үмүтүн кантип актайм?»



**Класс жетекчи: Акунова А.И.**

Сканировано с CamScanner

**Класс: 11 "а"**

**Сабак: Ата – энелер университети**

**Сабактын темасы: "Ата – эненин үмүтүн кантип актайм?»**

**Сабактын максаты:**

1. «Ата – эне -үйдүн куту»-деген накыл кептин терең маанисин түшүнөт. Ата - энелердин коомдогу ролун билишет.
2. Ата – энелерди сыйлоо-перзенттик парз экенин дагы тереңирээк ойлонот.
3. Өзүндө жакшы сапаттарды өнүктүрө билүүгө тарбияланат.

**Сабактын жабдылышы:** Макал-лакаптар жазылган плакат, с□р□тт□р.

**Сабактын ж□р□ш□:**

**1. Уюштуруу:**

**2. Класс жетекчинин с□з□:**

**АТА-ЭНЕМ — ЫРЫСЫМ, АТА-ЭНЕМ — БАКЫТЫМ.**

Ата-эне балдары үчүн эң зарыл мээрим булагы. Таалим көргөн ыймандуу,ыкластуу эне- Жаратkандын адам баласына тартуулаган мээримдүүлүк өлкөсү, үй-бүлөнүн бакыты,бейпилдиктин жана шаттыктын түйүн турган күнү, бүлөсү үчүн күйүп-бышкан боорукер камкор жан. Биздин жарык дүйнөгө келишибизге ата-энелерибиз себепкер болгон жана алар биз үчүн эң зарыл, эң улуу жана кадырлуу адамдар.Тогуз ай бою курсагында, бир нече жыл кучагында,андан соң өмүр бою жүрөгүндө көтөрүп жүргөн ардактуу энелерге тең келе турган зат, аларга тең аталык сүйүүгө, сыйга татыктуу эч бир жан жаратылбаптыр. Акылга салып таразалап көрсөк кичинекей алсыз балдар төрөлүп, чоңоюп,таалим-тарбия алууда ата-эненин жардамына муктаж болушат. Ата-эне болсо аларга тарбия берип жана бактылуу кылып чоңойтуп, өстүрүү үчүн канчалаган азап, кыйынчылыктарды көрөт. Күнүмдүк эле кийим-кече, тамак-аштары үчүн, кечинде келип балдарына кубаныч тартуулаш үчүн, кээчке эмгектенишип кыйналышат. Ал эми ата болсо жаны тынбай иштеп акча таап, балдарым деп жаны кыйналып иштейт. Мына ушундай сыяктуу дагы көптөгөн вазыйпаларды кайратынан жазбай аркалап келаткан кутман ата-энелер чындыгында сүйүүгө, жогорку урмат-сыйга татыктуу, аларды өмүр бою башыбызга көтөрүп жүрсөк да аздык кылат. Өзүлөрү жебегенди жедирип, өзүлөрү кийбегенди балдарына кийдирип, балдарыбыз элден калбасын деп эч нерсесин аябай окутуп-чокутуп, жайлуу жашашсын үчүн каражанын карч уруп эмгек кылышат. Ата-эне баласы үчүн баарына даяр болуп, кандай кыйын акыбал болсо да баарын көтөрөт. Күндүз чарчап-чаалыгып,түнкүсүн уйкусунан азат. Ушундай азап, кыйынчылыктардан кийин убакыт өтүп, күндөрдүн бир күнү бала чоңоюп, алдуу-күчтүү болот. Ата-эне болсо карып күч-кубаттан таят. Мына ошондо жардамга муктаж болуп калат. Ошондой учурда ата-энеге жардам берүү,тамак-аштан, кийим-кечеден көмөк көрсөтүү биздин милдет болот. Канчалык баласы ата-энесине чын жүрөгүнөн кызмат кылып, муктаждыктарын аткарып турса, ошончолук ата-эне да көңүлдөрү көтөрүңкү болуп, кубанычтуу өмүр сүрүшөт. Жаратkандын деңиз сымал чалкыган мээриминин тамчысы энелердин жүрөгүндө экени талашсыз чындык. Эненин аруу жан дүйнөсүндөгү ошол оргуштаган мээриминин чен-өлчөмүн так аныктаган бир курал же бир каражат бар болду бекен? Бул жашоонун ар кандай оор шарттарында, жан кейиткен кыйын кезеңдеринде перзентине чаң жугузбай, бүт өмүрүн биздин жыргалчылыгыбызга арнаган ата-энелердин ак эмгегин кайтаруу мүмкүнбү? Эненин ак сүтүн, ошол тоодой мээнетин актоо, аны башыңдын таажысы катары асырай билүү керек.

Энелер сай-сөөгү сыздап, тамыры үзүлүп кеткидей болуп толгоо тартпаганда балдар бул дүйнөгө кантип келмек эле? Эне-атанын балдарына кылган санмиң жакшылыгын кайтаруу мүмкүн эмес.

Сканировано с CamScanner

А бирок эне-атасын чыныгы ыраазы кылган инсан кандай гана бактылуу! Бейиш- энелердин таманын астында деген сөздүн чындыгында калет жок. Себеби бул тууралуу Мухаммад пайгамбар (с.а.в.) өзүнүн осуяттарында тагыраак айтканда хадистеринде баса белгилеп айтуу менен бирге ыйык Куран китепте эне-атага моюн сунууну жана жылуу

мамиле кылууну буюрган. Аларга жакшылык кылууда Мухаммад пайгамбардан (с.а.в.) бир адам келип минтип сурайт: Мен эң биринчи кимге жакшылык кылуум керек? Ошондо Мухаммад пайгамбар (с.а.в.): Энеңе, дейт. Андан кийин кимге?-деп сурады алиги адам. Энеңе!-деп жооп берди. Андан кийин кимге?- деп кайталап сурады ал киши. Энеңе. Ал киши дагы кайталап сурады: — Андан кийинкиси деги ким?- дегенде, атаңа жана жакындарыңа,- деп жооп берди. Мухаммад пайгамбардын (с.а.в.) бул хадисинде жакшылык кылууда жана жардам берүүдө эне биринчи кезекте укуктуурак экендигин айтып жатат,себеби ал атага караганда алсызыраак болсо да, баланы төрөө, эмизүү, көтөрүп жүрүү, аны багып, тарбиялап чоңойтуу түйшүктөр энеге жүктөлгөн. Ата болсо алдуу-күчтүү болсо да,бала багуу түйшүгүнөн алыс болот. Ошонун негизинде бул хадис баланын жакшылыгына эне үч ирет андан кийин ата, андан кийин гана жакындары укуктуу экендигин айтып жатат. Сөзүбүз кур болбошу үчүн дагы көптөгөн мисалдардан эки-үчөөсүн айтып бекемдегим келип турат. «Ата-эне сенин бейишиң же тозогуң», «ата-энеңерге жадакалса өх, уф-ф деп да айтпагыла жана аларга үнүңөрдү бийик көтөрүп сүйлөбөгүлө. Анткени оор болот алардын жүрөгүнө», «энеңди Меккеге жөө көтөрүп барсаң да, бир дем алуусун (тамчы сүтүн) да актай албайсың» деген көптөгөн накыл кептер бар. Албетте эне-ата ырысыбыз, бакытыбыз. Анткени, эне-атага жардам берип, аларга кызмат кылуу жана бир туугандар менен байланышып жакшы мамиледе болуу өмүрдүн узун болушуна жана ырыскынын кенен болушуна себепчи болот. Ошондой болсо да көпчүлүк жаштар, болгон мүмкүнчүлүгүн аялына, үй-бүлөсүнө жумшашып, мойнундагы милдети болгон ата-энесине кызмат кылууну унутушат. Ошондуктан кээ бир карып калышкан ата-энелер, өзүлөрүнүн балдары болуп туруп, карылар үйүнө түшүп калышы зээнимди кейитет. Ата-энесине мына ушундай таш боордук кылып, алардын жүрөгүн оорутуу, убайымга салуу түбөлүктүү азапка дуушар болот. «Ата-эне ыраазы болбосо, Жараткан ыраазы болбойт. Ата-энени капалантсаң, Кудай Тааланын каары келет» деп бекеринен айтылбаса керек. Аларга колунан келип туруп жардамдашып,каралашпаган болсо, анда ал чоң соопторадон кур калганы аз келгенсип, ырыскысынын кемүүсүнө да себепкер болот. Андыктан жыйынтыктоо ирээтинде айта турган болсок, адампенденин мойнундагы ата-эненин акысын эч бир тараза менен да, эч бир өлчөгүч курал менен да өлчөй албайбыз. Ал ошончолук маанилүү, нары баш тарткыс зарыл вазыйпа. Эң негизги милдетибиз ата-энеге кызмат кылуу, аларды кубантуу экенин жаныбыздан чыгарбасак. Бейиштин жолу ата-эненин ыраазычылыгында. Бейишти Кудай Таала энелердин таман астына таштады, аталарды бейиштин ортоңку каалгасы кылып койду. Ким кааласа, ата-энесин кубантып ак батасын алсын, ким кааласа, алардын көңүлүн оорутсун…

**Мен ата-энем учун муну кылдым, тигини кылдым деп айта албайм. Себеби алардын эмгегинен биз эч качан кутула албайбыз.**

Энинен таманында бейиш т□р□ дегендей, адам баласы ата-энесин ыраазы кылмайын, Кудайда андан ыраазы болбойт.

Ата-эне жеке мен □ч□н баары, алар □ч□н □м□р□мд□ да аябайм. Алар мени ушундай кылып багышты,окутуп чокутушту, алтын энем омурткасы сыздап 9 ай к□т□р□п ж□рд□, айта берсем аягы жоктой сезилет. Атам-энем эмне айтса колумдан келишинче аткарганга аракет кылам, алардын созу мен учун мыйзам.

Алардын сезими бул мээрим да. Мээрим дайым суйуудон кучтуу болот. Себеби суйуудо жооп кутулсо, мээримде бир гана бериш болот, анда кайра жооп кутуш жок. Биз деп жашап, бизге мээримин токкон алтын апаларыбыз, акыл соз айтып тарбия берген кымбат аталарыбыз ар дайым аман болушсун! Алар учун Кудайдан коп-коп дуба кылалы! Ата-эненерди сыйлай жургуло, себеби алардын силерден умуту чон!

**Ата-эне менен кандай мамиледе болуу зарыл. Томонкулорду да толуктап жазгыла. Мен ушулардын баарысын кылганга аркет кылам, колумдан келишинче.**

1.Ата- эненер ордунан турганда, силер да тургула, адамдардын арасына кошуласынар

2.Алар айткан баардык нерселерди кылгыла, ата-эненер ыраазы болот

Сканировано с CamScanner

3.Алардан алдыга чыгып баспагыла, ата-эненер силердин урматынарды корсун
4.Унунорду алардын унунон катуураак чыгарбагыла
5.Алар силерди чакырса жооп бергиле, адамдар силерге да жооп берет
6.Ата-эненер менен дайым жумшак, жакшы мамиледе болгула, карыганда балдарынардан ошону коросунор
7.Алар учун бир нерсе кылып, аны милдет кылбагыла, силер баарыбир чексиз миллеттусунор
8.Аларды озундон ылдый корбо, алар Кудайдын алдында баарыбир силерге караганда ойдо турат
9.Алардын бетине кебетенди бусуп караба, зоокурлук эч кимди сулуу кылган эмес
10.Алардын уруксаты жок, сапарга чыкпа, сапарын байсалдуу болуусун каалаcан
11.Ата-эненди жалгыз калтырба, озун да жалгыз калбайсын
12.Эч ким ата-энеси соз айтканда, уф дегенге да акысы жок.

## АТА–ЭНЕНИ УРМАТТОО ЖАНА СЫЙЛОО

Адамдын аброю жана чөйрөсүндөгү орду ага болгон урмат жана сый менен өлчөнөт. Урмат анын чыныгы татыктуулугун белгилесе сый ага жараша мамилени аныктайт. Тагыраак айтканда урматка жараша сый көрсөтүлөт.

Ата-эненин үй-бүлөдөгү ордуна башка эч кимдин даражасы жетпейт жана алардын урматы да эң жогору турат. Демек, алар башкаларга көрсөтүлбөгөн сыйга татыктуу.

Ата-эненин урматы – эң оболу алардын аброюн коргоо жана ага сөз тийгизбөө менен камсыздалат. Уулу же кызы уят кылса ата-эненин аброюна доо кетип, эл алдында бети жер карап, сөзгө сөлтүк боло баштайт. Аргасыз, көчөгө чыгып, элге кошула албай, кошулса да бирөөдөн тил угуудан корунуп, үнчүйт. Жарыгы өчүп, куту кетет.

Урматына доо кеткен ата-энеге элдин сыйы да кете баштайт. Мурда сый төрүндө жүрсө эми улагага жакындай берет. Демек, ата-энени урматтоо жана сыйлоо – аларды элдин алдында урмат-сыйда жүрүүсүн камсыздоо дегени. Ошондуктан уул жана кыз эң оболу ата-эненин аброюн ойлоосу зарыл.

Азыр тилекке каршы, ата-эненин аброю эмес, өзүнүн деле жеке адамдык татыктуулугун танган адам сөрөй айбандар чыкты. Алардын кээ бирөөлөрүнүн кылган кылыктарын айтууга тил бурулбайт. Аларды уул деп атоого болбойт.

Ал эми кээ бир кыздардын кылганын ата-энеси билсе өздөрүн тирүүлөй мууздап алышса керек. Шаарга келгенден баштап кимден кандай «билим алып» жүргөнүн кызын окууга жиберген ата-энеге көргүлүк кылбасын. Айтууга тил уялат. Эртедир-кечтир элге баары жетет. Ата-эненин аброюна кеткен доо аларды соо калтырбайт.

А негизи ата-эне дайым уулу менен сыймыктангысы келип, уулу жөнүндө бирөөдөн жакшы сөз укканы умтулат. Издегени чыгып, уулу тууралуу жакшы кеп укса ата мардайып, көкүрөгүн керип басып калат. Эне айыл аралап мактанып чыгат.

Андан ары уул ата-энесин бапестеп бакса, асветтеп караса – алардын аброю сакталат. Баркы көтөрүлөт. Уул дайым ата-энесинин аброюна кам көрүүсү зарыл. Ошондуктан, ал ата-энесинин кемчилигин жашырат, жакшылыгын жарыялайт. Алар тууралуу бирөөлөргө жаман сөз айтпайт. Аларга дайым жакшы мамиле жасайт, башкалардын көзүнчө аларга өзгочө сыпайылык кылат. Уулунун урматтаганын көргөн бөтөндөр ал ата-энеге батынып сүйлөгөндөн корунуп турат.

Ата-эне кандай гана кырдаал болбосун уулдун сыпайы жана милайым мамилесине татыктуу жана уул аларга жылмайып гана сүйлөгөнү – аларга болгон урматынын белгиси. Ал эми төргө чыгарып, тамактын асылын аларга сунуп, ордуна бирөөнү отургузбай коруганы – аларды сыйлаганы.
Пайгамбарыбыз салаллаху алайхи ва саллам сахабаларына кайрылып: ***«Эң чоң күнөө эмне экенин билгиңер келеби?»*** — деп сурайт. Алар: «Эй, Аллахтын Элчиси! Албетте, билгибиз келет» — дешет сахабалар. Анда Аллахтын Элчиси: ***«Бутпарастык жана ата-энени сыйлабоо – чоң күнөө»*** — деп жооп берет.

Сканировано с CamScanner

Аллах эгер кааласа пенде кетирген күнөөлөрдү кечирет, бирок ширк кечирилбейт. Тагыраак айтканда Жаратканга башка нерсени шерик кылуу кечирилгис күнөө. Жогорудагы хадисте ата-энени сыйлабастык ширк менен бир катарда туруп калганы да бекеринен болбосо керек.

Ата-энесин урматтап, сыйлаганды каалаган кыз, чыккан жеринде тынат жана ата-энесине сөз тийгизбей жашайт. Тетирисинче, кайын журту торкүнүнө ыраазы боло тургандай тиричилик курат. Кайната менен кайненесине өз ата-энесиндей кызмат кылат жана алардын келинине ыраазылыгы – кыздын ата-энесин урматтап, сыйлаганы.

**IV. Энелер жонундо макал-лакап, накыл создор жарышы:**
Ар бир топтон бирден окуучу чыгып энелерге арналган макал-лакаптарды айтып жарышат. Таппай калган окуучу оюндан чыгат. Мисалы,
*Эненин коону балада, баланын коону талаада.
* Ата сыйлаган абийир табат, эне сыйлаган элге жагат.
*Бейиш эненин таманы астында.
*Эненди Меккеге уч жолу жоо которуп барсан да, карызындан кутулбайсын.
*Ата-эненди сыйласан , оз баландан сый коросун. Ж.б.
*Ата — аска тоо, Эне — оргуган булак, бала — экөөнө тең шам чырак.

*Ата — мекен, эне —нур.

*Ата болсоң акылдуу бол, эне болсоң мээримдүү бол.

*Ата болуш — ардак, эне болуш — сыймык. Ата даңкы, эне баркы — балага дем.

*Ата жакшы — уул жакшы, эне жакшы — кыз жакшы.

*Ата көргөн — ок бычат, эне көргөн — тон бычат.

*Атаны көрүп уул өсөт, энени көрүп кыз өсөт.

*Атаны сыйлаган абийир табат, энени сыйлаган элге жагат.

**V. Жыйынтыктоо:** Ата - энелерибизге арнап коптогон жазуучу, акындарыбыз оздорунун чыгармаларын жаратып келет. Ал эми обончуларыбыз аларга мукамдуу обон жазып, аткаруучуларыбыз ырдап келет. Алар ата - эне жонундо ырдаганда жан дуйнон жанырып, энелердин мээрбандыгына, боорукердигине, кубанып ыраазы болосун. Дегеле “Ата”, «Эне» темасына кайрылбаган акын, жазуучу, обончу, аткаруучу, суротчу ж.б. аз эле болсо керек.

Сканировано с CamScanner